УДК: 82-131(575.2)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.31

Жумаева Г.
И. Арабаев атындагы КМУ

## “ТАРЫХТАР ЖЫЙНАГЫНДАГЫ” МАНАС БААТЫР ТУУРАЛУУ БАЯН

**Кыскача мазмуну:**

Кыргыз элинин тарыхындагы кылымдарга созулган кытай-калмактар менен болгон согуштун зардабы фольклордогу жомок, дастан, эпостук чыгармалардын жаралышын шарттаган. Өзгөчө “Манас” эпосунун үч илтиги жана көптөгөн кенже эпосторду айтууга болот. Ал эми биз сөз кылууга баш баккан Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксыкентинин “Тарыхтар жыйнагындагы” (“Мажму атут таворих”) Манас баатыр тууралуу баянында кыргыздардын келишпес душманы – кытай-калмактар болуп берилип, кыргыздардын согуштук жүрүштөрүнүн негизи “диний казат” максатында чагылдырылат. Бул макалада Сайф ад-дин Аксыкенти өз коомунун саясий иделогиясынын нугунан чыкпай, эл оозунда укумдан тукумга өтүп айтылып, кыргыз элинин руханий дүйнөсүнө айлаган Манас баатырдын образын тарыхый даректер менен айкалыштырып чагылдыруу аракети баа жеткис экендигине басым коюлат.

**Түйүндүү сөздөр:** тарых, коом, идеология, ислам, эпос, баян, вариант, жазма эстеликтер, фольклор, адабият.

Жумаева Г.
КГУ имени И. Арабаева

## РАССКАЗ О БОГАТЫРЕ МАНАСЕ ИЗ «СБОРНИКА ИСТОРИЙ»

**Аннотация:**

Последствия многовековой войны с китайцы-калмаками в древней истории кыргызов обусловили создание фольклорных сказок, саг, эпических произведений. В частности, можно упомянуть три главы эпоса «Манас» и множество второстепенных эпосов. А в рассказе Саиф ад-Дина ибн дамулло Шаха Аббаса Аксыкента о богатыре Манасе в «Сборнике историй» («Маджму атут таворих») китайцы-калмаки представлены как непримиримый враг кыргызов, а как основа кыргызских военных походов отображается «религиозный джихад». В данной статье подчеркивается бесценность попыток Саиф ад-Дин Аксыкента отобразить образ героя Манаса, передававщийся из поколения в поколение и ставшего духовным Миром кыргызов в сочетании с историческими справками, придерживаясь политической идеологии своего общества.

**Ключевые слова:** история, общество, идеология, ислам, эпос, нарратив, версия, письменные памятники, фольклор, литература.

Zhumaeva G.Z.,
KSU named after I. Arabaev

## SUBJECT: THE STORY OF THE HERO MANAS FROM THE «COLLECTION OF STORIES»

**Abstract:**

The consequences of the centuries-old war with the Chinese-Kalmaks in the ancient history of the Kyrgyz people led to the creation of folklore tales, sagas, epic works. In particular, three chapters

of the Manas epic and many secondary epics can be mentioned. And in the story of Saif ad-Din ibn damullo Shah Abbas Aksykent about the hero Manas in the "Collection of stories" ("Majmu atut tavorikh"), the Chinese-Kalmaks are presented as an irreconcilable enemy of the Kyrgyz, and "religious jihad" is displayed as the basis of the Kyrgyz military campaigns. This article emphasizes the pricelessness of Saif ad-Din Aksykent's attempts to depict the image of the hero Manas, which was passed down from generation to generation and became the spiritual world of the Kyrgyz in combination with historical references, adhering to the political ideology of his society.

**Keywords:** history, society, ideology, Islam, epos, narrative, version, written monuments, folklore, literature.

Бүгүнкү күндөгү Манастаануу илиминде актуалдуулугун жоготпогон суроолордун бири – Манас баатыр тарыхый инсанбы же фольклордук каарманбы? Дегеле, "Манас" эпосунун жаралыш доору тууралуу сөз айтардан мурда Ч.Айтматовдун: "...Кыргыз эли Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экендиги тарыхта маалым. Өзүнүн өсүш жолунда узак, татаал кылымдарды башынан өткөргөн кыргыз эли эпикалык маданияттын эң бийик үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Башка элдер өзүлөрүнүн өткөндөгү маданиятын тарыхый жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, сүрөт искусствосунда сактап келген болсо, кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын жана бир катар учурларда реалдуу тарыхый окуяларын оозеки эпикалык жанрда чагылдырган. "Манас" тарыхый санжыра эмес. Бул барыдан мурда ошол тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган, улам такталып, тазарып, артыкбаш жүктөрдөн бошонуп, керектүү зарыл жаңы кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирип, өзүнүн бүгүнкү көз кайыган бийиктигине жеткен көркөм чыгарма" [9.8.],-деген сөзү "Манас" эпосунун жаралыш катмарында нечендеген кылымдарды кечирген тарыхый окуялардын элеси жаткандыгын ырастайт. Кыргыз элинин тарыхын ташка салдырган, Алтайдагы алгачкы кыргыз мамлекетинин (6-7-к.) түзүлүшүндөгү оор кырдаалдар, Кыргыздардын гүлдөгөн Улуу мамлекетинин (8-9-к.) түптөлүшүндөгү тарыхка изин калтырган бурулуш этаптары, Карахандар мамлекетинин түзүлүшүндөгү (10-12-к.) кыргыздардын ролу, Чынгыз хандын жортуулдарынын (13-14-к.) кыргыз элине тийгизген таасирлери, эркиндик үчүн кара кытайлар жана калмактар менен болгон (15-17-к.) кандуу согуштар кыргыз элинин эс тутумунда сакталып, "Манас" эпосун жаралышына негиз болгондугун танууга болбос. Ал эми Манас баатырдын айланасындагы фольклордук мотивдердин шөкөттөлүп берилиши табигый көрүнүш, анткени көркөм чыгарманын талаптарына жооп берүү зарылдыгы бар. Кыргыз элинин байыркы замандагы тарыхый окуялары жана тарыхый инсандары тууралуу тарыхый жазма булактарда сакталбаса да, эл оозунда көркөм чыгармаларга, көркөм образдарга айланып, улам кийинки мезгилдин айтуучуларынын көркөм дүйнөсүндө тарыхыйлуулуктан алыстап, элге өрнөк боло турган дидактикалык түбөлүктүүлүгү улана берген. Демек, "Манас" эпосунун мазмунунда улуу талашты жараткан кыргыз элинин реалдуу тарыхы жатат. Мисалы, Л.Н.Гумилёвдун

“Байыркы түрктөр” деген китебинде “Манас” эпосунда чагылдырылган кыргыз элинин тагдыры айтылгандай. Анда Алтайлык түрктөр алтымыш жылдан ашуун Табгачтарга (кара кытайларга) көз каранды болуп, алардын бийлик-мыйзамдарына баш ийип тургандыгы: “... Вперёд к солнечному восходу они ходили войной вплоть до Бокли-кагана (в Маньчжурии к Приамуре), назад, т.е. на запад, они ходили войной до Темир капыга (проход Бузгала в Средней Азии в 657-658-г.г.) и отдали кагану Табгачскому свои державы и закон” [3.278.],- деп айтылат. Дал ушундай эле саясий кырдаал “Манас” эпосунда чагылдырылгандыгы байкалат. Мисалы, Ногой хандын төрт уулу: Орозду, Үсөн, Бай, Жакыптын элдери кара кытай менен калмактардан талкаланып, туулган жерлеринен айдалып, төрт тарапка чачырашат. Алтымыш жылдан кийин Манастын атын угуп, Бай Жакыпты издеп, бир туугандарынын оор тагдырлары:

“...Туш-тушка калып ошондо,
Ногойдун уулу бөлүнгөн
Айрылганы алардын ,
Алтымыш жылча болупур.
Бай сүйлөдү баарысын,
Бай Жакып укту наалышын” [9,189], - деген саптарында айтылат. Жогорудагы кетирилген эки маалыматта да түрк элдеринин алтымыш жылдан ашуун табгачтардын заң-закондоруна баш ийип жашагандары туралуу сөз болду. Эркиндикти, эл-жерди эңсеген эл Манас баатырдын айланасына топтолушушунун табигый зарлдыгы жаралып, кыргыз-түрк урууларынын башын бириктирген хан шайлоонун максатын Бай Жакып түшүндүрүп, эл Жакыптын сөзүн туура көрүшүп, Алтайдагы маңгул, маньчжурия, алчын, үйшүн, найман, аргын, абак, кыпчак, кыргыз, нойгут, тоту, лөкүш, өзүбек, каңгай, тыргаат, казак, калмак элин бириктирип, Ногой хандан калган кызыл тууну желбиретип, Алтайлыктардын саны токсон алты миңге жетип, чар тараптын баары уксун деп, тогуз күнү той кылып, Манас баатырды ак кийизге салып, элди жети айлантып, хан көтөрүп, хандуу журт болуп калдык дешип, эртеңки күнгө зор ишеним артышат. Ушундай жагдайдан улам “Кулалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым” деген Манас баатыр баштаган кыргыз -түрк эли Алтайдан Ала-Тоого карай улуу жүрүш башталат.

Ал эми Сайф ад-дин Асыкентинин “Манас баатыр тууралуу баянында” [10, 38] кыргыздардын Жунгарлар (ойроттор, калмактар) мезгилине чейинки тарыхый окуялар камтылган. Манас баатыр “диний казат” жүрүшүндө каапыр калмактарды бирде жеңсе, бирде жеңилген окуялары реалдуу баяндалат. Калмактардын баскынчылык жүрүштөрү Эсен хандын бийлиги учурунда күч алып, тарыхта жунгарлар деген атка ээ болушат. Жунгар хандыгы Кытай, Россия, Монголия жана Орто Азия элдерине белгилүү тарыхый издерин калтырышып, эл аралык мамилелерине өз таасирлерин тийгизишкен. Дал ушундай тарыхый кырдаалдар түрк тилдүү тарыхый адабияттарда Жунгар хандыгы тууралуу жазма даректер сакталбаса да, оозеки эпикалык чыгармаларда айтылып калган. Кыргыз элинин кенже эпосторунда (“Эр Табылды”, “Курманбек”, “Шырдакбек”, “Жаныш-Байыш” ж.б.) негизги душмандары калмак, кытайлар

болуп берилип, жунгар хандыгын түптөгөн калмактардын ханы – Эсен хандын бийлигине кыргыз эли көптөгөн жылдар бою көз каранды болгондугу көркөм чагылдырылат. “Манас” эпосундагы Эсен хан эл оозунда айтылган көркөм каарман эмес, тарыхый инсан экендигин тарыхый даректер менен далилдеп, Жунгар хандыгын изилдеген окумуштуу И.Я.Златкиндин: “Особое место в истории ойротов середины 15-в. занимают правления Эсена, сына Тогона. Унаследовав от отца влась первого правителя ойратских владений, Эсен продолжал отцовскую политику укрепление централизованной власти, добиваясь от местных владетельных князей без оговорочного подчинения. Факты, сообшаемые “Алтын тобчи” (автору белгисиз, ойроттордун согуштук жүрүштөрүнүн тарыхын чагылдырган жазма булактардын бири - Г.Ж.) свидетельствуют о стремлении Эсена распространить власть за пределы ойратских владений и стать поволителем всей Монголии” [5, 32-33],-деп, ошол мезгилдин саясий кырдаалынан кабарлайт. Ал эми тарыхый маалыматтарда Эсен тайчынын максаты ишке ашып, монгол хандыгынын бийлик башындагыларын Мунке ханга чейин өлтүрүп, монгол хандыгы толук ойротторго өтөт. ... 1635-жылдан баштап, акырында бүткүл Орто жана Борбордук Азия Эсен хандын бийлиги астында калышат [6.191.]. Биз бул тарыхый тактоолорду Сайф ад-дин Аксыкентинин “Тарыхтар жыйнагындагы” Манас баатырдын калмактар менен болгон согуштук жоолашууларынын саясий максатынын бир жагдайын түшүнүү үчүн кайрылуу ыңгайы жаралды. Сайф ад-дин Аксыкенти Манас баатырды тарыхый инсан катарында карап, бирок анын эрдигин даңазалоодо эл ичинде айтылып жүргөн фольклордук мотивдерди да колдонот. Мисалы, калмактардын ханы Жолой Оң хандын (жалпы түрк элдеринин ханы болуп берилет – Г.Ж) өлгөнүн угуп, Кара кыштактагы Жакыпбектин элине кол салып, кыргын кылып, Жакыпбекти колго түшүрүп, Көлгө алып келет. Ошондо Манас атасын туткундан бошоткондугу: “... Манас он эки жашта болгон. Каркаранын кырк жигитин алып, Жолойго жөнөдү. Кара кыштакка келип, тоо таянып бекинип жүрдү. Жолойдун кайда экендигин сурап, саясат кылды. Жолойдун кайда экендигин айткандан кийин, Манас эки калмакты өлтүрүп, Жакыпбектин артынан жөнөдү. Бир канча жол жүрүп отуруп, Жолойго жетип келди. Уруш кылды. Калмактар миң адам болгон. Манас Каркаранын кырк жигити менен калмактарды жеңди. Калмактар качты. Манас Жакыпбекти ажаратып алып, Таласка келди да, элин көчүрүп, Чаткалга жөнөдү” [10.47.], -деп чагылдырылат. Реалдуу жагдайда он экидеги баланын эрдиги эместиги ырас. Демек, автордун Манас баатыр жөнүндөгү эл оозунда айтылып жүргөн фольклордук мотивдерге таасирленгендигин жокко чыгарууга болбойт. Анткени “Манас” эпосунда Манас баатырдын калмактарды таң калтырган эрдик иштери, да он бир жашынан башталгандыгы төмөндө:

“...Башына камчы чабылды,
Тебетей чаңы кагылды.
Тегеректеп он калмак,
Бай Жакыпка жабылды.

Атасын көрүп жаш Манас,
Урушмакка камынды.
Ушу күндө Манастын,
Он бирге жашы барыптыр" [9.130.], -

деп берилип, келген калмактарды кырып, өлгөндөн калгандарын кууп жөнөгөндүгү айтылат. Ошондой эле фольклордук мотивдердин мазмунунда тарыхый негиз жаткандыгы бар. Мисалы, "Манас" эпосунун варианттарындагы "Манасты ууландыруу" эпизоду окуянын өнүгүшүндөгү бурулуш этабын жаратып, дос-душманды айрып таанууга мүмкүндүк түзсө, ушундай эле эпизод "Тарыхтар жыйнагында" да чагылдырылган. "Тарыхтар жыйнагында" Төбөй деген адам калмактардын Жолой ханынын колуна түшүп кетет. Жолой ага Сулинжива деген кызын берет. Төбөй өз динин танып, калмактардын динин кабыл алат. Күндөрдүн биринде Төбөйдү чакырып кеңеш кылып, мындай дейт: "Кимде ким Манаска уу берип, жок кылса, калмактардын жарымы менен Теңизди берем" [10.58.],-деп жарыя кылат. Ушундай жарыядан кийин Төбөй көздөгөн максатына жетүү үчүн, Манаска кайтып, акырында ыгын таап, Манастын ашына уу салып, ууландырууга жетишет. Окуянын аягында чындыктын бети ачылып, Төбөйдүн башы алынат. Ал эми Манас баатыр он күндөн кийин көзүн ачып, эки айдын ортосунда териси жети жолу түлөгөндүгү айтылып, кыргыз элинин "Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман" макалынын байыркы жаралыш тарыхы жаткансыйт. Жогорудагы "Манаска уу берүү" эпизоду жана "Манас" эпосундагы "Көз камандар окуясы" аттуу эпизод окшош мазмунга ээ болсо да, Манас баатырдын аты гана туруктуу сакталган. Мындай жагдайга карата Э.Абдылдаев кененирээк токтолуп: "Эпикалык мотивдердин жаңы шартка ылайык өзгөрүү жана кошумчаланыш процесси окуянын улам жаңыланып турушун камсыз кылат. Ошентип, эпикалык окуянын структуралык түзүлүшүндөгү ситуациялар өзгөртүлүп, айрым персонаждардын ысымдары алмашып, белгилүү бир географиялык чөйрөлөргө локализацияланган, стадиялык жактан өнүккөн, жаңы типтеги татаал сюжеттүү окуя пайда болот" [1.72.],-дейт. Демек, "Тарыхтар жыйнагындагы" Манас баатырга уу берген Төбөй менен "Манас" эпосундагы Көкчөкөздүн образдары мезгилге, кырдаалга карата өзгөрсө да, калмактардын Манас баатырды жок кылуу идеясы туруктуу сакталгандыгын көрүүгө болот. Кандайдыр бир деңгээлде Манас баатырдын тарыхый инсан экендигин далилдөөгө караганда, ага уу беришкен Төбөй менен Көкчөкөздүн тарыхый инсан болушу тууралуу илимий көз караштар көп. Мисалы, манасовед Р.Кыдырбаева: «…Монголдордун оозеки жомогу болгон Алтын топчуда" көргөн билгендерин, уккандарын жашырбай айтып келгендери үчүн, Чыңгыз хан тарабынан "бек" деген титулга ээ болушкан Усун менен Кокэчостун аттары аталат. Мындан улам "Манастагы" каармандар Үсөн менен Көкчөкөздү жөн эле эстеп коюу жетишсиздик кылат. Кыргыз эпосунда Көкчөкөз Үсөн карынын уулу, учурунда согуштан качкандыгы үчүн кыргыздар тарабынан куугунтук жеп, калмактарга качып, аларга сиңип кеткен. Кийин гана Манастын айкөлдүгү менен алар кыргыз жерине келишип, малга, үйгө ээ болушкан. ... Мүмкүн ушул Көкчөкөздүн жанагы Усун

менен Кокэчос болушу да ыктымал, уккан, көргөндөрүн жеткирип туруууга маш болгон. Алар калмактар тарабынан атайын жөнөтүлгөн тыңчылар болушу да мүмкүн деген ой келет. Сыягы ушул мотив - кыргыз-монгол байланышынан кайсы бир реалдуу окуяларынын улам чыгып, кийин эпоска чагылдырылган” [7.45.],-деп, Чыңгыз хандын мезгили менен байланыштуу карап өтөт. Демек, Р.Кыдырбаева белгилегендей, Чыңгыз хандын тушундагы Усун менен Кокэчостун “Манас” эпосундагы Үсөн менен Көкчөкөзгө аттары да уйкашып, ойлогон арам ойлору да дал келгендиги бекеринен эместир. Анткени “Манас” эпосунун жаралыш доору байыркы мезгилге (6–7-к.) барып такалып, калмактар дооруна чейинки тарыхый мезгилдерди тулкусуна сиңирип, улам кийинки айтуучунун дүйнөтаанымына жараша негизги каармандын тегерегиндеги эпизоддор улам жаңыланып турушун шарттаган. Элдик варианттар жазмага салынып, сакталып калбагандыктан, улам кийинки коомдун идеологиясына басым коюлуп, турдүү вариантта жашоосун уланта берген. Ушул жагдайдан караганыбызда, Сайф ад-дин Аксыкенти өз мезгилинин аалымы катарында Манас баатырдын кандуу согуштук жүрүшүнүн максатына эл-жерди коргоо сыяктуу патриоттук идеологияларга караганда, ислам идеологиясын даңазалоого басым коюлуп, Каркаранын жигиттери “Жеңиш мусулмандар тарапта болсун!”, -деген ураан астында колдоруна кылыч кармагандарына кайра - кайра токтолот. “Манас” эпосунун баардык варианттарындагы Манас, Жолой, Жакыптын аттарын туруктуу сактоо менен “Тарыхтар жыйнагында” учурдун саясий идеологиясына ылайык окуялардын жүрүшү ырааттуу өнүгөт.

Бул жазма эстелик “Тарыхтар жыйнагы” деп аталганы менен нукура тарыхый чыгарма катары кароого болбойт, муну ички мазмуну далилдеп турат. Өзгөчө башка түрк элдерине карганда, кыргыз элинин тарыхы, маданияты, адабиятынан кабар бергендиги ырас. Анткени автордун кыргыз элинин уулу экендигин “Манаска” кайрылуусу эле далилдеп турат. “Манасты” каны кыргыз адам гана айтып, калайыкка жар салганы - ааламдык сыр экендигин тануга болбос. Бүгүнкү күндө да Айкөл Манастын образы улам кийинки кыргыз муунунун дүйнөтаанымында жашап келет. “Манас” дүйнөсү эл оозунда кыргыз жаралганы айтылып келет дегенибиз менен, “Манас” эпосунун жаралыш тарыхына алгачкылардан болуп кайрылып, жазмага түшүрүү Сайф ад дин Аксыкентинин тагдырына буюрган. “Тарыхтар жыйнагындагы” Манас баатыр тууралуу баян кара сөз түрүндө жазылса да, түбүндө эпостук чыгарма чыгарма жатат деген ойлор арбын кездешет. Мисалы, манастаануучу Р.Кыдырбаева: “...тилекке каршы, байыркы манасчылар эмес, кийинки эле заманда пайда болгон манасчылардын аты - жөнү белгисиз. “Манас” эпосу жөнүндөгү эң биринчи кабар фольклорчу Сайф ад-дин Аксыкентинин 15–кылымдардын аягында жазып калтырган “Тарыхтар жыйнагында” (“Маджуму ат-таварих”) деген эмгегинде берилет. «...бул вариантта Манастын жайлаган жери Талас экени, кырк жигит күтүшү, Жолой менен болгон согушу, душмандар тарабынан ууландырылышы сыяктуу мотивдердин сакталышы, кантсе да ошол заманда эл ичинде улуу эпостун негизги сюжеттик өзөктөрү калыптанып калгандыгын айгинелейт. Бирок, тилекке каршы бул

вариантты айтып берген манасчынын ысмы бизге жеткен жок” [8.311.],- деп, автор “Манасты” өзү айтпаса да, замандаш манасчыдан жазып алгандыгына токтолот. Албетте, азыркы учурдун адабият таануунун принциптерине салып карганыбызда, “Манас баатыр тууралуу баянды” эпостук чыгарма катары кароого болбойт. Кеп, “Тарыхтар жыйнагындагы” Манас баатырдын эрдиктерин чагылдырган окуялар, каармандар, Манас баатырдын ата-теги тууралуу баяндар, Манас баатырдын эрдигине арналып салынган Манасия шаары жана ислам идеологиясынын айланасындагы Мухаммед пайгамбардын тарых-таржымалдары азыркы “Манас” эпосунун варианттарында кездешпегендиктен, Манас баатырды бирде тарыхый инсан, бирде көркөм каарман катары каралган учурлардын кездешкендигинде. Өзгөчө фольклорист Э.Абдылдаев эпостун чагылдырган доорун Манас, Алмамбет, Жакып сыяктуу каармандардын образдарын тарыхтагы жашаган адамдар катары баалоодо, көбүнчө окуяларды салыштырган мисалдардан келтирип: “...15–16-кылымдар аралыгында жазылган “Тарыхтар жыйнагындагы” варианттын 19–20-кылымдар аралыгында жазылган “Манас” эпосунун варианттарына караганда, алда канча түпкү негизине жана алгачкы идеялындагы мазмунуна жакын [2.33.],- деген оюн айтса, “Тарыхтар жыйнагындагы” “Манас баатыр баянын” “Манас” эпосуна эч тиешеси жоктой караган көз караштар да жок эмес. Мисалы, “Тарыхтар жыйнагын” изилдөөгө алган А.Тахиржанов: “...Манастын образы байыркы каармандардын образы. Мында Манастын феодалдык белгилери болбогон өз элинин, өз уруусунун башчысы болуп гана эсептелинет. Ал хан деп да, казы деп да аталбайт, феодалдык баскынчы согуштарды жүргүзбөйт, хандык бийликти сактоо үчүн, динди коргоо же таратуу үчүн күрөшпөйт. Талоончу чабуулдарды уюштурбайт, элди кырып-жоюп, мал-мүлктү талабайт, кыздарды зордуктап албайт. Ошондой эле Манастын образында мифтик элементтер да жок. Ал сыйкырдуу күчкө да ээ эмес, жөнөкөй баатыр - жоокер катарында гана аракет кылат” [11.30-40.], дейт. Жогоруда изилдөөчү Манас баатырдын образына кайрылып, конкренттүү далилдер менен тарыхый багытында же көркөм адабий багытында терең талдоо жүргүзбөстөн, тек кана үстүрттөн салыштыруу жүргүзгөндүгү көрүнүп турат. “Манас” эпосунун тулкусуна сиңирилген улуу рухий дөөлөттөрдү байкабагандыгы, “баскынчы согуштарды жүргүзбөйт”, “талоончу чабулулдарды уюштурбайт”, “элди кырып-жоюп, мал-мүлктү талабайт”, “кыздарды зордуктап албайт” деген чукул кайрыктар менен жыйынтыктап, Сайф ад-дин Аксыкентинин “Тарыхтар жыйнагында” Манас баатырдын эрдиктерин өз доорунун тарыхый окуялары менен айкалыштыра чагылдырган эпизоддорунун тереңинде кыргыз элинин улуу тарыхы жаткандыгын көрмөксөнгө салат. Албетте, “Тарыхтар жыйнагы” так тарыхый булактардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жооп бербегендиктен, жогоруда айтылгандай эки ача пикирлерди жараткан чыгаар. Бул тууралуу окумуштуу С.Искендерова: “...Балким тарыхый жагынан алып караганда, бул пикир туурадыр. Бирок бизди кызыктырган ошол 16–кылымдагы кол жазма өз алдынча чыгарма экендиги жана анын кагаз бетине автор тарабынан түшүрүлгөндүгү. Ал эми 19–20-кылымдардагы варианттар айтуучулар тарабынан оозеки айтылып, анан ал башка бирөөлөр тарабынан жазылып алынып жатпайбы” [4.55.],-деп,

тактык үчүн Р.Кыдырбаева менен К.Асаналиевдин: "...айтуучу болсо, өздүк чыгармага ээ эмес, "оригинал" жөнүндөгү ой анын аң-сезиминде болбойт, ал тек өзүнөн мурдагылардан үйрөнгөнүн кайталайт, бирок реципиент эмес, ал эч качан билгенин сөзмө-сөз кайталабайт, укканын бүтүндөй бойдон жаттап кала албайт, анын өзү угуп-билгенинин негизинде "өзүнүн вариантын жаратат" [8.47.],-деген ойлорун мисалга тартып, Сайф ад-дин Аксыкентинин "Манас" эпосунун эл оозунда эбактан бери айтылып келген варианты менен тааныштыгын жана андагы сюжеттик мотивдердин өзөгүн өз алдынча пайдаланып, өздүк чыгармасын жараткандыгына токтолуп, бул эмгек "Тарыхтар жыйнагы" деп аталып, узак убакытты камтыган тарыхый маалыматтар баяндалгандыгына карабастан, өз алдынча көркөм чыгарма деген жыйынтыкка келет. Сайф ад-дин Аксыкенти башка айтуучулардан айырмаланып, Манас баатырдын көркөм образын ачып берүүдө, өз элинин эркиндиги үчүн ажалга тик караган, руху кайраттуу, эртеңки күнгө карата зор максатты аркалаган баатырдыгынын эрдиктери ислам идеологиясынын негизинде көркөм чагылдырууга алат. Анткени баардык түрк элдеринин ичинен кыргыз элинин тагдырына жаралган, ааламдык мааниге ээ "Манас руху" улам кийинки кыргыз муундардын тагдырына жазылып, "Манас" эпосунун улам жаңы варианттарынын жарала бериши табигый. Демек, Сайф ад-дин Аксыкентинин "Тарыхтар жыйнагындагы" "Манас баатыр тууралуу баян" тарых менен фольклордун синтезинен турган, жазма адабияттагы проза жанрдагы "Манас" эпосунун алгачкы варианты деп айтууда калпыстык жок.

**Адабияттар**

1. Абдылдаев Э. Абдылдаев.Э. "Манас" эпосунун историзми. – Ф., 1987.
2. Абдылдаев Э. Абдылдаев Э. Кыргыз фольклорунун тарыхы. – Ф., 1983.
3. Гумилёв Л.Н. Древние тюрки - Москва: Товарищество «Клышников-Комаров и Ко», 1993. - 513, [13] с.: карт.; 22 см.; ISBN 5-87495-008-7
4. Искендерова С. Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы. –Б., 2010.
5. Златкин И.Я. История Джунгарского Ханства (1635-1758). - 2-е изд., М., Наука 1983. - 332 с.
6. Кыргызстандын тарыхы. –Б., 1998.
7. Кыдырбаева Р. "Манас" эпосунун архаикалык катмарлары. // Ала-Тоо, Кыргыз руху – "Манас", -Б., 1995.
8. Кыдырбаева Р., Асаналие К. Кыргыз адабий тилинин терминдер сөздүгү. –Б., 2004.
9. Орозбаков С. 1-том. -Ф., 1979.
10. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксыкенти жана анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтар жыйнагы. –Б., 1999.
11. Тахиржанов А. "Собрание историй" (Маджуму ат - таварих"). -Лен., 1960.
12. Кулбаракова З.А. "Манас" эпосундагы куш тотеминин көркөм параллелизми. БМУ Жарчысы, №2 (36) –Б., 2016, 55-б.